**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси

Тема: “Кожожаш”

Класс: 10-а

Кубанычбек кызы Калия

2017-2018 - окуу жылы

**Сценарий «Кожожаш»**

Класстар: 10-класс

Орду: Мектептин жыйын залы.

Иш-чаранын максаты:

1. «Кожожаш» кенже эпосунан үзүндүнү сахна аркылуу окуучуларга жеткирүү.
2. Окуучулардын театрга болгон кызыгуусун өстүрүү.
3. Балдарды жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоо.
4. Иш-чаранын түрү: сахна-сабак

Иш-чаранын жүрүшү:

**Автор:**

Кожожаш Карыпбайдын баласы. Ал кичинесинен эле чырпыктан жаа, чийден ок жасап, 16 жашка чыкканда көзгө атар мерген болот. Ал бул өнөрү менен атасын эле эмес, бүтүндөй элин баккан. Кожожаш аң уулаганга айлап кетип, чоң олжо менен кайткан.

Бир күнү Каракожонун сулуу кызы Зулайка жигит тандап, бардык айылга жар салат. Бирок, колун сурап келгендерди жактырбай, кайра артка кайтара берет. Кожожаштын кабарын угуп, аны күтмөк болот. Кожожашты көргөндө ашык болуп, ага жок дей албайт.

Экөөнүн үйлөнгөнүнө бир жыл болду. Бул күндөр аралыгында Кожожаш колуна мылтыгын албай койду, аң уулоого чыкпай да койду. Эли буга нааразы болду.

Бир күнү Кожожаш түш көрдү. Бир көргөн түшүн удаасы менен үч көрдү. Ошондо Кожожаш чоочуп ойгонуп, ойго чөмүлдү…

**Кожожаш:**

Бул кандай түш?.. Бул эмненин белгиси?.. Түшүмдү кимге жорутсам? Калың элди чогултуп, аксакалга айтсамбы же жаш болсо да акылы бар Зулайкага айтсамбы?

**Автор:** Деп ойлонуп олтуруп, алгач алган жары Зулайкага айтып, жорутмак болот да, Зулайканы чакырып турган жери:

**Кожожаш:** Зулайка! Ай Зулайка дейм…

**Зудайка:** Эмне болду? Деги тынччылыкпы?

**Кожожаш:** Тынччылыкпы же жокпу билбейм? Ошону сенден срайын деп чакырдым. Бир түш көрдүм. Ал түштү бир көрбөй катары менен үч көрдүм. Сага айтардан мурун көп ойлондум. Сен менин түшүмдү укта, ачык жоруп бер. Жаман жагы болсо, жашырбастан айткының.

Колума мылтыгымды алып, көп нерсе көрдүм. Асмандан Чолпон көрдүм да коркуп кеттим. Аң уулоого даярданып, кийинип, тамак-ашымды асынып, мылтыгымды алып, атыма миндим да жолго чыктым. Соң-Көлгө бардым. Бирок кийик таба алган жокмун. Ак-

Тоскок менен Көк-Тоскоктцн үстүнөн кырк чебичти көрдүм. Сүйүнүп кеттим да, атыман түшө калып, көрүнгөн чебичти ата бердим. Баарын атып бүткөндөн кийин, аска таштын чокусунда калган жокпу деп карадым. Ылдый түшөйүн деп аскада калганымды билдим. Өйдөгө да, ылдый да баса албадым. Дагы бир түшүмдө эч бир киши жок талаада жалгыз намаз окуп отуруптурмун.ушул түшүмдү жоруп бер. Бул эмненин белгиси?

Зулайка: Ай Кожожаш, Кожожаш. Канча кары турса, түшүңдү мага айтасыңбы? Аялга түшүн айтыптыр деп тууганың ушак кылбасын. Алтмвш жашап көбүрөөк жүргөнгө айтсаң болбойбу? Эми макул жоруйун…Бирок, кээ бир жерин кату айтсам, айтканым жакпай калбасын.

Көргөн түшүң кооптуу экен. Аң уулоого даярданып, тамак-ашыңды камдап, атыңды мингениң, ойду ойдой ашканың, кырды кырдай ашканың элиңди бакканың. Соң-Көлдөн таппай эч нерсе, Ак-Тоскок менен Көк-Тоскоктцн үстүнөн 40 чебич атканыңа кубанба. Булл мылтыгыңды колго алсаң, аягы жаман болот. Жаныңда эч ким жок, аскада калып түшө албай, өйдө да чыга албай калганың, эли-жериңе кайта албай өлгөнүң. Жалгыз намаз окусаң, табытка сени салганы. Айкырып ыйлап, мен байкуш азапта эле калганым. Ошол себептен мергеним, мылтыкты колго албагын. Жан багабыз ансыз да бул ишиңди таштагын.

Автор: Кожожаш, Зулайканын түшүн жоруганын жактырбай, ишенбей, аксакалга жорутуу үчүн үйдөн чыгып кетет.  Ал эми Зулайка кайгырып бир чекитти тиктеп олтуруп кала берет.